КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИЛИЦИЯНЫН ГЕНЕРАЛ-МАЙОРУ Э.А. АЛИЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИИМ АКАДЕМИЯСЫ

Д 12.19.592 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
*УДК 343:147.3(575.2)(043.3)*

**Байгубатова Надира Рахымбековна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-АТКАРУУ СИСТЕМАСЫН РЕФОРМАЛОО: КӨЙГӨЙЛӨРҮ, ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ, КЕЛЕЧЕГИ

12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл,
укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**Авторефераты**

**Бишкек 2021**

*Scanned by TapScanner*

Диссертациялык иш Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жазык-аткаруу укугу жана криминология кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | **Керезбеков Канат Керезбекович**<br>юридика илимдеринин доктору, профессор,<br>Кыргыз Республикасынын<br>Жогорку Кеңешинин депутаты |
| **Расмий оппоненттер:** | **Джоробекова Арзыгуль Мамаюнусовна**<br>юридика илимдеринин доктору, профессор,<br>милициянын генерал-майору<br>Э.А. Алиев атындагы КР ИИМ академиясынын башчысынын орун басары |
| | **Тыныбеков Сериккали Тыныбекович**<br>юридика илимдеринин доктору, профессор,<br>Аль-Фараби атындагы Казахстан Улуттук университетинин жарандык укугу, жарандык процесси жана эмгек укугу кафедрасынын башчысы |
| **Жетектөөчү уюм:** | Ош мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин кылмыш-жаза укугу жана процесс кафедрасы, дареги: Ош ш., Ленина көч., 331 |

Диссертация 2021-жылдын “28”- майында саат 10.00дө Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Э.А. Алиєв атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясынын алдындагы юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 12.19.592 диссертациялык кеңештин отурумунда корголот, дареги: Бишкек шаары, Чүй пр., 180 а. конференц-зал (412-ауд.).

Диссертация менен Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин, дареги: 720001, Бишкек ш., Чүй пр. 180 а жана милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы КР ИИМ академиясынын, дареги: 720083, Бишкек ш., Ч.Валиханов көч. 1 а илимий китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин http://www.ksla.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын «27» - апрелинде таратылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, ю.и.к.** **Анаркулова Э.С.**

Scanned by TapScanner

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасы 1991-жылы эгемендүүлүктү алган учурдан тартып жазык-аткаруу ситемасы социалдык-экономикалык кризистин, оор кайгылуу революциялык толкундардын, курч саясый тирешүүлөрдүн бүткүл татаал кыйынчылыктарын башынан өткөрдү.

Ушул татаал, карама-каршылыктарга толгон мезгилде Кыргызстандын пенитардык системасы өзүн аман сактап калуу менен бирге гумандаштыруу жана демилитаризациялоо боюнча эл аралык стандарттарга багытталган реформа жасоо процесин ишке киргизди.

Бирок кайра түзүүлөрдүн жыйырма жылдан ашуун доорунда топтолгон тажрыйбаларга жана оңдуу институттук жыйынтыктарга, реформалардын жүргүзүлүп жаткандыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын пенитардык системасынын келбети өзгөрүлгөн жок жана ал өтө терең каатчылыктын (кризистин) кучагында турат. Мындай оор жагдайлар тууралуу акыркы учурларда Кыргыз Республикасынын коопсуздук Кеңешинин жыйындарында (2016-жылдын 30-апрелинде жана 2018-жылдын 8-февралында), өлкөнүн көз каранды эместигинин жылдарында биринчи жолу бир нече ирет баса белгиленди. Жарытпаган финансылоо, коррупция, эркиндиктен ажыратуучу жерлердеги калктын ченемден өтө ашык көрсөткүчтөрү жана кылмыштуулуктун күчөп өсүшү, кыйноолордун колдонулушу, булар кыйынчылыктардын, көйгөйлөрдүн толук эмес тизмеси.

Жазык-аткаруу системасын түзгөн укук коргоочулук иш-милдет талаптагыдай иштебей калды, башкаруу системасынын коопсуздугунун архитектурасынын бузулушунун жана майнаптуулугунун төмөндөшүнүн коркунучтуу белгилери байкалууда. 2015-жылы өзгөчө кайтарууга алынган түрмө мекемесинен коркунучтуу кылмышкерлердин качып чыгышы, анын мезгилинде төрт кызматкерлердин өлтүрүлүшү мындай жыйынтыктын туура экендигин бышыктап турат. Кайгылуу окуяларды болтуруучу буга окшош себептер жана окуя мындан мурда, 2005-жылы №31 түзөтүү мекемесинде да болгон. Булар өзүнүн маңызы боюнча системанын ишинин негизги принциптерин тез арада кайра кароо зарылдыгы жөнүндө кыйкырган катуу белги болуп саналат. Жазыктарды-аткаруу системасынын кунарынын кете башташынын айкын белгилерине жана андагы көйгөйлөрдүн себептеринин айкын болуп турганына карабастан жазык-аткаруу системасын эптеп жашап тургандай кылып минималдуу колдоого алуу саясаты жүргүзүлүп жатат.

Жазык-аткаруу системасында түзүлгөн татаал кырдаал түп-тамырынан берки радикалдуу кайра түзүүлөрдү, өзгөртүүлөрдү сот акыйкаттуулугун өркүндөтүү жана сот реформасынын багыттары боюнча жүзөгө ашырылып жаткан иш-чаралардын алкагында жасоого мажбур кылып, жаңы пробациялык



Scanned by TapScanner

орган - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу пробация боюнча департамент 2018-жылы түзүлдү. Муну менен бирге Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы кайра уюштурулду жана Юстиция министрлигинин карамагына 2021-жылдын февралында өткөрүлүп берилди.

Акыркы жылдарда өлкөнүн жазык-аткаруу системасынын ишин жөнгө салган улуттук мыйзамдар дүркүрөп өнүгүү жана кайра каралуу доорун баштан өткөрүп жатат. Мисалы, 2012-жылдан тартып 30дан ашуун ченемдик-укуктук документтер кабыл алынды. Жазык-аткаруу системасын өркүндөтүү, бекем укуктук базаны түзүү үчүн керектүү, 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилген Жазык-аткаруу кодекси сыяктуу бир катар стратегиялык мыйзамдар (дагы башка жазык-укуктук циклдеги актылары менен бирге) иштелип чыкты жана кабыл алынды.

Бирок, алардын мазмундарына жүргүзүлгөн салыштырма-укуктук талдоолордун негизинде мыйзамдардын ортолорунда техникалык-юридикалык мүнөздөгү айрым карама-каршылыктар жана ылайык келбөөчүлүктөр бар экендиги, айрым ченемдерди жана аларга жүргүзүлүүчү мониторингдерди ишке ашыруучу механизмдердин жок экендиги аныкталды.

Ондогон жылдарда топтолгон жазык-аткаруу системасынын ишиндеги олуттуу кемчиликтер жана көйгөйлөр, ошондой эле системаны реформа кылууга жасалган майнабы жок үзгүлтүксүз аракеттер жазык-аткаруу системасындагы реформаны тез жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес экендигин көрсөттү. Буга убакыт, олуттуу ресурстар, масштабдуу уюштуруучулук-укуктук күч-аракеттер, ошондой эле фундаменталдык илимий изилдөөлөр талап кылынат.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо көйгөйлөрүнө багышталган, топтолгон тажрыйбаларды эске алуу менен жазылган атайын жүргүзүлгөн фундаменталдуу изилдөөлөр ушул мезгилге чейин жок.

Жаңы мыйзамдардын колдонууга киргизилишинен, жазык-аткаруу системасынын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин юрисдикциясына берилишинен улам жаралган жаңы шарттар, жагдайлар, көйгөйлөр аларды комплекстүү изилдөөнүн зарылдыгын жаратты.

Жүргүзүлө турган изилдөөлөрдүн тандалып алынуучу темасын, анын мазмунун жана багыттарын учурдун шарттары жана жагдайлары, коомдогу өзгөрүүлөр озунуп аныктап койду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы демилгелүү болуп саналат.

**Диссертациялык иштин максаты** Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын азыркы этапта реформалоонун теориялык, укуктук жана



Scanned by TapScanner

уюштуруучулук көйгөйлөрүнө комплекстүү талдоолорду жүргүзүү аркылуу анын иштерин өркүндөтүүгө багытталган теориялык жана тажрыйбалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Ушул максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** алдыга коюлду:

1. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун маңызынын теориялык негиздерин изилдөө.

2. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун негизги этаптарын аныктоо.

3. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо зарылдыгынын келип чыгышына себеп болгон факторлорду аныктоо.

4. Жазык-аткаруу системасын уюштурууну жана анын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын азыркы абалын ачып көрсөтүү.

5. Соттолгондорго мамилелерди жасоонун эл аралык стандарттарынын Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоодогу ролун аныктоо.

6. Коомдон ажыратып бөлбөстөн жазаларды аткарууну уюштурууну, бул жаатта топтолгон тажрыйбаларды Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун артыкчылыктуу багыты катары кароо.

7. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун келечектүү багыттарын таап көрсөтүү.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Диссертант улуттук юридика илиминде биринчилерден болуп Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоодогу көйгөйлөрдү, реформаны аныктоочу тышкы жана ички факторлорду эске алуу менен анын негизги мүнөздүү багыттарын жана келечегин тиешелүү ведомствонун позициясынан гана эмес, бүтүндөй соттук-укуктук реформада жүргүзүлүп жаткан багыттардын контексти менен бирге изилдөөгө алат.

Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун теориялык, уюштуруучулук жана укуктук өңүттөрүн изилдөөнүн жыйынтыгында өлкөнүн бүтүндөй укук коргоо органдарын реформалоо менен байланышкан билимдерди түзүү үчүн мааниси бар айрым категориялардын укуктук мазмундары такталды.

Реформалоонун негизги этаптары бөлүштүрүлдү жана кабыл алынган башкаруу чечимдеринин өз ара байланыштары жана өзгөчөлүктөрү ачылып көрсөтүлдү. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоого керектүү онтойлуу шарттар аныкталды жана мамлекеттик жана жеке өнөктөштүктүн негизинде түзөтүү мекемелерин өнүктүрүүнүн мүмкүн болгон келечектери көрсөтүлдү.



Scanned by TapScanner

**Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Теориялык жактан түзүлгөн аныктамалар жана жыйынтыктар Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо маселелерин андан ары иштеп чыгууда, ошондой эле жазаларды аткаруудагы укуктарды колдонуу иштеринде пайдаланылса болот.

Юридикалык багыттагы жогорку окуу жайларда "Укук коргоо органдары" сабактарын өтүүдө, "Жазык-аткаруу укуктарын" ж.б, окутууда, о.э. жазык-аткаруу системасынын кызматкерлеринин квалификацияларын жогорулатуу системасында да сунуштарды, жыйынтыктарды пайдаланса болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Жазык-аткаруу системасын реформа кылуунун ийгиликтүү ишке ашышы көп жагынан анын теориялык негиздерин иштеп чыгууга жараша болорун эске алсак, улуттук жаза-аткаруу системасын реформалоо Кыргыз Республикасынын бүткүл укуктук системасын глобалдуу модернизация кылуунун жана жазаларды аткаруунун жаңы моделдерин куруунун бир бөлүгү катары чыгат жана кылмыш иштери боюнча сот акыйкаттуулугун аткаруунун механизмдеринин иштерин олуттуу модификациялоо боюнча мамлекеттин татаал, карама-каршылыктуу жана максаттарга багытталган иши болуп эсептелет.

2. 1991-жылы Кыргыз Республикасы көз каранды эместикти алышы менен гумандаштыруу жана демилитаризациялоо боюнча жазык-аткаруу системасын реформалоо процесси ишке киргизилген болчу, анын алкагында биринчи жолу кийинки жылдарда болгон реформалоонун төмөнкү төрт этабы аныкталган:

- биринчи этап - 1991 – 2000-жылдар;
- экинчи этап – 2001 – 2008-жылдар;
- үчүнчү этап – 2009 – 2019-жылдар;
- төртүнчү жаңы этап 2019-жылдын 1-сентябрынан тартып башталат.

3. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун келип чыгышын жараткан саясый, укуктук жана социалдык-экономикалык мүнөздөгү факторлорго биринчи жолу талдоолор жүргүзүлдү. Факторлордун натыйжалары ведомстволук кайра баш ийдирүүлөргө жана кайра короруштурууларга гана эмес, пенитардык системаны реформа кылууга ыкчам, комплекстүү жана масштабдуу мамиле жасоо керектигине да негизденет.

4. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын улуттук укуктук негиздерине талдоолорду жүргүзүүнүн негизинде карама-каршылыктары жана ылайык келбөөчүлүктөрү бар айрым ченемдик-укуктук актылардын, анын ичинде соттук-укуктук реформанын иш-чараларынын алкагында 2017-жылы кабыл алынган, колдонулуп жаткан жаңы жазык-аткаруу кодексинин да мазмундарын өркүндөтүүчү негиздүү сунуштар иштелип чыкты.



Scanned by TapScanner

5. Соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттары, улуттук жазык-аткаруу системаларына укуктук багыттама катары сунуш кылынган, укук бузуучуларга жана соттолгондорго мамиле жасоонун кыйла жалпы гумандуу, прогрессивдүү эрежелери катары жобо негизделет.

6. Коомдон ажыратып бөлбөстөн жазаларды аткарган, эркиндиктен ажыратуунун альтернативасы болгон системаны өнүктүрүү керектигине олуттуу жүйөөлөрдү изилдөөдө келтирүү менен, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун азыркы этабындагы маанилүү, артыкчылыктуу багыттардын бири катары Кыргыз Республикасында түзүлгөн пробация органдарына оң баалар ыйгарылат. Жана пробация түшүнүгүнө «Пробация (латынча probatio - сыноо) иши - соттолгондорду коомдон обочолонтуп бөлүү менен байланышпаган жазаларды аткаруу жана социалдык-укуктук багыты ачык билинген мамлекеттик мажбурлоо, коомдук таасир этүү жаатындагы мамлекеттин жаңы пенитенциардык институту», - деп автордук аныктама берилген. Ошону менен катар, Кыргыз Республикасындагы пробация органдарынын ишин изилдөөнүн негизинде, бул орган түзүлгөндөн тартып уюштуруучулук-финансылык мүнөздөгү олуттуу көйгөйлөргө туш болгону негиздүү көрсөтүлөт жана алардын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштар берилет.

7. Өлкө өзүнө кабыл алган эл аралдык милдеттенмелерге ылайык гумандаштыруу, ошондой эле соттолгондордун укуктарын жана эркиндиктерин сактоо маселелерин эске алуу менен Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун келечектүү, концептуалдуу багыттары аныкталган. Логикалык-укуктук байланыштарды эске алуу менен автор буларды сунуш кылат:

- лагердик типтеги кармоодон түрмөлүк кармоого өтүү жолу менен эркиндиктен ажыратууну аткаруу системасын түп-тамырынан бери модернизациялоону;
- жеке түрмөлөрдү түзүүнүн керек жана пайдалуу экендигине негиздемелерди берет жана бул жааттагы иштин укуктук базасын түзүүнү;
- жашаган жеринен алыс жакта жазаны өтөп жаткан, эркиндиктен ажыратылган соттолгондордун социалдык-пайдалуу байланыштарын колдоо көйгөйүн чечүү үчүн онлайн жолугушууларды (видеочалууларды) жана онлайн кат алышууларды киргизүүнү сунуштайт, бул COVID-19 пандемиясынын шарттарында өзгөчө маанилүү;
- жазык-аткаруу системасындагы кадр саясатын түп-тамырынан бери кайра кароонун зарыл экендигине негиздүү жүйөөлөр келтирилет жана кадрлардын кесиптик даярдыктарынын сапатын жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын ишин өркүндөтүү милдеттерин



Scanned by TapScanner

чечүүгө жардам көрсөтүү максаттарын көздөп атайын билим берүү мекемелерин түзүү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** болуп изилдөөлөрдүн учурдагы актуалдуулугу, илимий жаңылыктары, ошондой эле тажрыйбалык маанилеринин чоң экендиги менен аныкталды. Коргоого киргизилип жаткан жоболор диссертация жактоочу тарабынан жеке иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн натыйжаларын пробациялоо.** Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары менен сунуштары Кыргыз мамлекеттик юридикалык университеттин жазык-аткаруу укук жана криминология кафедрасынын кеңейтилген жыйындарында талкуулардын жүрүшүндө пробациялоодон өттү.

Диссертациянын негизги жоболору Кыргыз Республикасынын ЖАК сунуш кылган илимий журналдарга, ошондой эле Россия Федерациясынын илимий басылмаларына жарыяланган илимий макалаларда чагылдырылган.

**Иштин түзүмү**. Кыргыз Республикасынын ЖАК сунуш кылган талаптарга ылайык диссертация жазылып, аткарылган. Анын түзүмү изилдөөлөрдүн максаттары жана милдеттери менен аныкталган жана кириш сөздөн, өзүнө сегиз параграфты камтыган үч главадан, тыянактан, тиркемелерден жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманы тандоо, анын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери негизделди, изилдөөнүн методологиялык негиздери баяндалды, илимий жаңылыгы аргументтелди, изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү аныкталды.

**Биринчи глава "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун теориялык-укуктук негиздери"** деп аталып, жазык-аткаруу системасында жүргүзүлүүчү реформа түшүнүгүнө жана анын маани-маңызына тиешелүү маселелер ачылып берилет, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасында жүргүзүлгөн реформалардын негизги этаптары изилденет, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасында реформаны жүргүзүүнүн зарылдыгын жараткан факторлор терең талдоого алынат. Ушул глава үч бөлүмдү өзүнө камтып турат.

***Параграф 1.1. "Жазык-аткаруу системасын реформалоо түшүнүгү жана маани-маңызы"*** – деп аталат жана диссертациянын биринчи бөлүгү болуп саналат. Ал өзүнө изденүүчү жүргүзө турган изилдөөрлөрдү камтып турат.

Автор тарабынан "Жазык-аткаруу системасын реформалоо" түшүнүгүнө Кыргыз Республикасынын бүткүл укуктук системасын глобалдуу модернизация кылуу этаптарынын бир бөлүгү катары мамиле жасоо керек экендиги айтылат. Анткени баардык реформаларды бир хронологиялык мезгилдин алкагында комплекстүү караганда гана мамлекеттик-коомдук өзгөрүүлөрдүн процесстеринин обьективдүү сүрөтүн көрүүгө болот.

Диссертациялык изилдөөнүн теориялык базасын жазык-аткаруу системасынын ишин изилдеген окумуштуулардын илимий эмгектери түзөт.



Scanned by TapScanner

Н.Ф. Аблизин, Г.А. Аванесов, В.М. Анисимков, Ю.М. Антонян, В.П. Артамонов, З.А. Астемиров, Л.В. Багрий-Шахматов, Н.А. Беляев, М.Н. Гернет, А.А. Герцензон, А.Я. Гришко, М.Г. Детков, А.И. Зубков, Ю.И. Калинин, И.И. Карпец, Л.Г. Крахмальник, Н.И. Кузнецова, В.М. Кузьмин, С.И. Кузьмин, В.М. Курицын, Ж.А. Курмангалиев, М.П. Мелентьев, А.С. Михлин, А.Е. Наташев, Н.Ф. Облизин, В.В. Овчинников, П.Е. Подымов, С.В. Познышев, П.Г. Пономарев, А.Л. Ременсон, Ф.М. Решетников, В.И. Селиверстов, Н.А. Стручков, Ф.Р. Сундуров, В.Д. Сысоев, Ю.М. Ткачевский, Г.Ф. Хохряков, В.А. Уткин, Ю.М. Угрюмов, Б.С. Утевский, Н.А. Хлопин, Г.В. Хохряков, Ю.Я. Чайка, А.В. Шамис, И.В. Шмаров, В.У. Ялунин ж.б. сыяктуу чет элдик окумуштуу укук таануучулардын, эксперттердин көз караштары изилдөөдө чагылдырылган.

Кыргыз Республикасында ушул көйгөйлөрдүн ар кандай маелелери Ч.М. Абжапарова, Т.А. Асаналиев, А.С. Базарбаев, К.А. Бодобаев, К.И. Джаянбаев, Ч.И. Джакупова, Ч.К. Жаанбаева, К. Исмаилов, И.Б. Какеев, К.Т. Камытов, О.Д. Ким, М. Кенжебек кызы, Т. Кожонов, А.К. Курманов, К. Маркверинг, К.С. Мамажанов, Б.О. Сарманова, Б. Сапарбаев, М. Сабирова, А.К. Сманалиева, Э.А. Сопиева, Н.Н. Сулайманова, Л.Ч. Сыдыкова, В.В. Ткаченко, А.Ш. Шаршеналиев, А.К. Шагивалиев, А.Т. Эсенбекова жана башкалар сыяктуу окумуштуулардын илимий эмгектеринде чагылдырылгандыгын автор баса белгилейт.

Бул теманын актуалдуулугуна карабастан ал окумуштуулардын көңүлүнө сейрек түшөт, жазык-аткаруу системасын реформалоонун айрым этаптарына, ошондой эле айрым өңүттөрүнө, укуктук, кадрдык, социологиялык маселелерге изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ал эми Кыргыз Республикасындагы жазык-аткаруу системасын реформалоонун уюштуруучулук-укуктук маселелерине жеткиликтүү изилдөөлөр жүргүзүлө элек.

Бирок, ошого карабастан, бул жаатта кызыгууну жараткан монографиялык эмгектер кездешет, мисалы, С.М. Зубаревдин «Правовое обеспечение реформы уголовно-исполнительной системы» (1999-ж.), А.К. Шагивалиевдин «Формирование правовых основ контроля и надзора за местами лишения свободы Кыргызской Республики» (2002-ж.), В.У. Ялуниндин «Реформа уголовно-исполнительной системы современной России: Проблемы, тенденции, перспективы» (2004-ж.), В.Ф.Лелюхтун «Российская уголовно-исполнительная система: социальные проблемы реформирования» (2006-ж.) деген ушул өңүттөгү илимий диссертациялык изилдөөлөрү бул бөлүмдө аталып каралган.

Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо көйгөйлөрүнө багышталган, атайын жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн санынын аз экендиги тандалып алынган изилдөө темасынын актуалдуулугун жана ушундай изилдөөлөргө муктаждыктар чоң экендигин бышыктап турат.

Ушул иште Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоону андан ары өнүктүрүүнүн тенденцияларын жана келечектерин аныктоо керектигин эске алуу менен реформага комплекстүү изилдөөлөрдү жүргүзүү аракеттери жасалган.



Scanned by TapScanner

***Параграф 1.2. “Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформа кылуунун негизги этаптары”*** - деп аталат жана жазык-аткаруу системасынын байыркы мезгилден тартып азыркы учурга чейин калыптануу жана өнүгүү тарыхына ретроспективдүү талдоолор жүргүзүлөт.

Азыркы дүйнөдө жазаны аткаруу мамлекеттин өзгөчө маанилүү жана татаал иш-милдети болуп саналат, аны ишке ашыруу жазык-аткаруу системасы тарабынан аткарылат, жана ар кайсы мамлекеттин саясатынын өзгөчөлүктөрүнө, түзүлгөн салттарына жараша түрмөлүк, түзөтүүчүлүк, пенитенциардык же түзөтүүчүлүк-эмгектик деп аныкталат. Бирок баардык мезгилдердеги жана баардык элдердеги жазага тартуучу институттардын баштапкы укуктары жасалган кылмыштан жабыр таркандардын өздөрүнө таандык болгон, ал укук өч алууну талап кылгандыгын жана коом өч алуу ишин жүзөгө ашырууга жардам бергенин автор баса белгилеген. Сот акыйкаттуулугунун ордуна алмашылган мындай согуштар алгачкы турмуштарда абдан көп колдонулуп, жаза чараларын – жеңилгендин үстүнөн жеңүүчү чараларды түзгөн жана мамлекеттүүлүк деп аталган күчтүү бийлик гана буларга биротоло тыюу салган. Мисалы, Хаммурапи мамлекетинин мыйзамдарында эле кылмыш жасоолорго карата колдонулуучу укуктардын чектери толук аныкталган.

Коомдун өнүгүшүнө байланыштуу өч алуу максатында жазалоо деген баштапкы максат башка максаттар менен бара-бара алмаштырыла баштайт, - деп белгилейт диссертация жактоочу. Мисалы, коомдогу зыяндуу элементтерди (кылмышкерлерди, тентимиштерди, ыгы жок шаан-шөкөтчүлөрдү) жоюу максаттарында, аларды түрмөгө жана XVII кылымда баардык Европа мамлекеттеринде пайда болгон иш үйлөрүнө (Arbeitshaiiser, Bridewells) жайгаштырышкан. Ошентсе дагы, түрмө ишинде мурдагыдай эле прагматизм менен утилитаризм үстөмдүк кылары Улуу Британиянын түрмөдөгү абалды изилдөөчү комиссиясынын 1728-жылдагы отчетунда көрсөтүлгөн. Жалпы жарыяланган түрмөдөгү абал ошол мезгилдеги парламентти солк эттирген, алар күнөөлүүлөрдү дароо камоо буйруктарын беришкен. Бирок, ошол эле убакта, айрым жерлерде кыйла гумандуу мамилелерди жасоолор байкала баштаган, мисалы, Голландияда, Швейцариянын айрым кантондорунда соттолгондор көчөлөрдү тазалашкан, жибекти түргөн, токой кыйышкан, алар таза, бир кишилик камераларга жайгаштырылган, аткарган иштери үчүн акы алышкан.

Автор тарабынан Дж. Говард, И. Бентам, К. Бернар, бир тууган Веннингдер, В.П. Гааза ж.б. тарабынан козголгон кылмыш жасаган кишиге карата гумандуу мамиле жасоо, түрмөдө камоону туура уюштуруу, пайдалуу социалдык мажбурлоо интитутун куруу филантроптук ойлору, жана XVIII-кылымдын аягында Түндүк Америкада адамзатынын тарыхында биринчи жолу пенитенциардык башталыштарын жүгүртүүгө киргизген утопист-практик квакерлеринин таасирдүү сектасынын мүчөлөрүнүн ишмердиги талдоого алынган.

Ушул көрсөтүлгөн идеялар орус укугуна да таасир тийгизгендиги бул иште белгиленет. Жазаларды гумандаштыруунун алгачкы аракеттери Екатерина IIнин



Scanned by TapScanner

падышачылыгынын мезгилинде пайда болгону, ал эми эркиндиктен ажыратуучу жерлердеги башкаруу түзүмдөрүн реформалоо боюнча биринчи кадамдар XIX-кылымдын башында башталганы айтылат.

Диссертациянын автору Кыргызстандын улуттук жазык-аткаруу системасынын калыптанышы жана өнүгүшү кыргыз элинин тарыхы менен тыкыс байланышканын жана обьективдүү шарттардан улам узак, татаал жолду басып өткөнүн белгилейт.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү алгандан тартып жазык-аткаруу системасынын ишин гумандаштырууга, анын ичинде ведомстволук кайра баш ийүүлөрдү өркүндөтүүгө багытталган реформаны жасоо процесси ишке киргизилди жана анын алкагындагы иштерди төмөнкүдөй төрт этапка бөлүүнү автор сунуштайт:

Реформанын биринчи этабы, 1991-2000-жылдарда жүзөгө ашырылган жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин (мындан ары – ИИМ) карамагында түзөтүү-эмгек системасынын жазык-аткаруу тутумуна өткөрүү менен байланышкан. Жаңы жазык-аткаруу мыйзамдары иштелип чыгарыла баштаган.

Экинчи этап, 2001-2008-жылдарга туш келип, эл аралык тажрыйбалар жетекчиликке алынып, жазык-аткаруу системасын (мындан ары - ЖАС) гумандаштыруу, демилитаризациялоо зарылдыгын ишке ашыруу максатында, жазык аткаруу системасы ИИМдин баш ийүүсүнөн жана түзүмдөрүнөн чыгарылып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин карамагына өткөрүлүп берилген. "ҮМҮТ" деп аталган пенитенциардык системаны реформалоо боюнча Концепциянын жана биринчи Улуттук программанын алкагында жаңы жазык-аткаруу саясаты түптөлө баштайт. Анда он төрт багыт боюнча системаны андан ары өнүктүрүүнүн концептуалдык негиздери аталган. 2008-жылдагы жазык-аткаруу инспекциясынын ИИМдин карамагынан Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жаза аткаруу башкы башкармалыгына өткөрүлүп берилиши бул этаптын аягы деп белгиленет. Ушул этапта өзүнчө пробация кызматын түзүү үчүн база түптөлгөн, ошондой эле ЖАСты демилитаризациялоо процессинин улантылышы болуп калды деп айтылат, диссертацияда.

Үчүнчү этап, 2009-2019-жылдарда жазык-аткаруу системасын реформалоону жүзөгө ашыруунун кызыктуу этабы болуп калды. 2009-жылдын аягында жазык-аткаруу системасы юстиция министрлигинин карамагынан чыгарылып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаны аткаруу мамлекеттик кызматы деп аталган жаңы органга берилет. Пенитенциардык системаны андан ары өркүндөтүү максатында “2012-2016-жылдарда Кыргыз Республикасынын жазык аткаруу (пенитенциардык) системасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы” кабыл алынат. Мындан сырткары, президенттин 2012-жылдын 8-августундагы “Кыргыз Республикасынын сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” жарлыгы жазык-аткаруу мыйзамдарын жана системасын өркүндөтүүдө маанилүү, негизги ролду ойногон. Анын негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2017-жылы бир катар стратегиялык мыйзам актыларынын долбоорлорун, анын ичинде



Scanned by TapScanner

жаңы Жазык-аткаруу кодексин (мындан ары - ЖАК) иштеп чыккан жана кабыл алган. Үчүнчү программалык документ болуп саналган, 2018-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу (пенитенциардык) системасын өнүктүрүү стратегиясы бекитилди (мындан ары – Стратегия). Иш баштоо мөөнөтүн 2019-жылдын 1-сентябрына жылдыруу менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинин алдында жаңы Пробация департаменти түзүлдү.

Мына ушинтип жазаларды аткаруу ишин өркүндөтүүнүн жаңы төртүнчү этабы 2019-жылдын 1-сентябрынан тартып башталат деп диссертациялык иште белгиленет. Жазаны аткаруунун эки системасы түзүлүп, эки башка органдын карамагында турат: эркиндикти ажыратуу менен байланышкан камоо иштери - жазык-аткаруу мамлекеттик кызматынын карамагында болсо, ал эми мунун альтернативдик варианты - Юстиция министрлигине өткөрүлүп берилген. Булар менен бирге, кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы кайра уюштурулуп, ал Юстиция министрлигинин карамагына 2021-жылдын февралында өткөрүлүп берилди.

Изилдөөлөрдүн негизинде, диссертант тарабынан, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун этаптарын так ушундай бөлүүгө болот - деген тыянак чыгарылат. Жана алардын аткарылышы боюнча көп маселелер, талаштар бар экендиги айтылат. Анткени жүргүзүлүп жаткан реформалар дайыма эле алдыга коюлган максаттарга жете албай, анын үстүнө айрым учурларда бир реформа башка реформанын ичине кошумча киргизилип келет. Мындай жагдай көбүнчө системанын өз ичиндеги тең салмактуулуктун бузулушун, теңдемсиздикти жаратат да, укуктук турмуштун башка элементтеринен укуктук аң сезим зордук менен бөлүнүп алынат.

***Параграф 1.3. "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо зарылдыгын жараткан факторлор"*** - деп аталып, болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн жана өнүгүүлөрдүн келип чыгышын жараткан факторлорду, шарттарды, негизги себептерди таап, көйгөйлөрдүн укуктук табиятын ачып көрсөтүүгө жана фактордук талдоолордун сандык көрсөткүчтөрүн пайдалануу менен Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын абалын аныктоого багышталат. Реформа жасоонун жыйынтыктары пенитенциардык системаны реформа кылууга тез, комплекстүү жана масштабдуу мамиле жасоого жараша болот, - деген жобо негизделет.

Акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, азыркы учурда жазык-аткаруу системасынын ишинин маселелери боюнча мамлекеттик саясатты Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигинин алдындагы төмөнкү эки орган жүзөгө ашырууда: 1) соттолгондорду коомдон обочо кармоо менен байланышкан, так айтканда белгилүү мөөнөткө эркиндиктен ажыратуучу жана эркиндиктен өмүр бою ажыратуучу жазаларды аткаруу жаатында -



Scanned by TapScanner

Жазыктарды аткаруу мамлекеттик кызматы; 2) демилитаризациялоо жана депенализациялоо боюнча реформанын алкагында 2018-жылы түзүлгөн (иш баштоо мөөнөтүн 2019-жылдын 1-сентябрына жылдыруу менен) Пробация департаменти.

Бирок мындай орун алмаштыруулар, мурдагы болуп келген орун алмаштыруулар сыяктуу эле начар кырдаалдан пенитенциардык системаны кутулта алган жок, - деп бул бөлүмдө баса белгиленет.

Расмий маалыматтар боюнча Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын мекемелеринде 2020-жылдын 1-январына карата 9 мин тегерегинде киши кармалса, 2019-жылдын 1-январына карата - 10 574 киши, 2015-жылы - 9 581 киши, 2010-жылы - 9 923 киши, 2008-жылы– 11 408 киши, 2000-жылы – 20 000 киши кармалып турган *[ЖАМКнын расмий маалыматтарынан]*.

Муну менен, Кыргызстандын түрмөдөгү калкынын индекси өлкөнүн ар бир 100 000 кишисине 165 камактагы киши туура келет. Бул орточо көрсөткүч сыяктанган менен олуттуу жогорку көрсөткүч болуп саналганы диссертацияда айтылат. *[Түрмөлөрдү изилдөөнүн эл аралык борборунун маалыматы (ICPS). http://www.prisonstudies.org/country/kyrgyzstan]*.

Түрмөдөгү калктын санынын жогорку көрсөткүчү каяктан пайда болот деген маселеге жооп издеген диссертация жактоочу соттолгондордун түзүмдөрүнө талдоолорду жасоонун негизинде мындай жыйынтык чыгарат: Алсак, 2019-жылы 4545 жаза чараларына тартылган адамдардын: 1830 - эркиндиктен ажыратылган, үч эселенген айыпка - 6 киши, айыптарга – 764 киши тартылган, шарттуу соттолгондор - 1592, коомдук ишке тартылгандар – 44, жазалардын башка түрлөрүнө тартылгандар - 309 киши болгон. 2018-жылы 8524 жаза чараларына тартылган адамдардын: 4969 - эркиндиктен ажыратылган, үч эселенген айыпка - 32 киши, аыйптарга – 112 киши тартылган, шарттуу соттолгондор - 2107, коомдук ишке тартылгандар – 12, жазалардын башка түрлөрүнө тартылгандар - 392 киши болгон *[Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтары www.stat.kg/ru /statistics/prestupnost/]*.

Мындан сырткары, камакка алуу түрүндө колдонулган кесүү чараларынын эсебинен да түрмө калкынын көрсөткүчтөрү өсүп жатканы белгиленет, ушул колдонулган чара негизги чара катары колдонулары жашыруун сыр эмес. Мисалы, КР башкы прокуратурасынын маалыматына ылайык 2017-жылы 4773 кишиге, 2016-жылы 5072 кишиге кесүү чарасы катары камакка алуу колдонулган *[КР башкы прокуратуранын маалыматтары. http://kabar.kg/news/v-kr-predlagaiut-rasshirit-primenenie-mery-presecheniia-v-vide-zaloga/]*. Ушуга окшош маалыматтар Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунда да бар. 2015-жылдын 2-кварталынын жыйынтыгы боюнча тергөө органдарынын кесүү чарасы катары камакка алууну колдонуу жаатындагы



Scanned by TapScanner

5 381 өтүнүч сот органдарында каралып, анын 4 775 (89 %) канааттандырылган, 595 (11 %) өтүнүч канааттандырылган эмес *[КР Акыйкатчынын (Омбудсмендин) "Камоого алуу түрүндө жаза чарасына кесүүдө адам укуктарынын сакталышы жана камакта кармоонун мөөнөттөрүнүн узартылышы жөнүндө" атайын доклады". –Б., 2015].*

Айтылган абал, соттолгондордун жана ЖАМКнын мекемелеринин кызматкерлеринин да коопсуздуктарынын кооптуулугун жогорулатары таң калычтуу эместиги диссертацияда айтылат жана мисалга камоо режимдерин бузуунун жана кылмыштарды жасоонун көп сандаган фактылары келтирилет. Түзөтүү мекемелеринде акыркы беш жылда 1700дөн ашуун кылмыштар жасалган, алардын арасында оор жана өзгөчө оор 150 кылмыш бар *[[КР Акыйкатчынын (Омбудсмендин) 2000-2016-ж.ж. КРда адамдын жана жарандардын укугун жана эркиндиктерин сактоо жөнүндө докладтары. – Б.,2001-2017].*

Ушуну менен бирге, эркиндиктен ажыратуучу жерлерде атайын контингенттерди ("общакты") иш жүзүндө башкарган формалдуу эмес кылмыштуу топтор үстөмдүк жүргүзөрү бул бөлүмдө каралып, алардын таасири эркиндиктен ажыратуучу жердин чеги менен эле чектелбеси белгиленет. Көпчүлүк учурларда ЖАМКнын кызмат адамдары алардын өнөктөштөрү, башка жагдайда баш ийүүчүлөрү болуп кызмат кылууда, бул де-факто болуп саналат-деген жыйынтык чыгарат автор. Буга далил катары, 2013-жылы "курч миелобластык лейкоз (кандагы рак)" менен ооруйт деген негизде "мыйзамдагы ууру" Азиз Батукаевди мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу окуясы жана аны кайра Кыргыз Республикасына алып келүү аракеттери келтирилет. Тергөө материалдарына ылайык, аны бошотуу, жазаларды-аткаруу кызматынын, сот бийлигинин жана мамлекеттик башка органдардын айрым жетекчилери тарабынан кылдат пландаштырылганы жана уюштурулганы аныкталган. Батукаевдин эркиндикке чыгышына алты сандуу суммадагы валюта кыргыз бийлигине сунуш кылынган деген версия айтылып жүрүлгөнү каралат.

Ошондой эле, өлкөнүн тергөө абактарында, колонияларында терроризмдин жана диний экстремизмдин идеяларынын жайылуу процессинин өнүгүшү жана анын коркунучтары талданган. Мисалга, терроризм жана диний экстремизм үчүн 2010-2019-жылдардын аралыгында соттолгон кылмышкерлер 5,3 эсеге көбөйүп, алардын саны 79 кишиден 520 кишиге жетти. Ал эми жабык түзөтүү мекемелеринде жазаларды өтөп жаткан мындай кылмышкерлер 3 эсеге көбөйүп, алардын саны 62 кишиден 256 кишиге жетти *[Уголовно-исполнительная система Кыргызской Республики в цифрах. Статистический отчет Государственной службы исполнения наказаний за 2014-2019. -Бишкек, 2019. -С.2].* Азыркы мезгилде бузуку диний уюмдардын камакка алынган мүчөлөрү эркиндиктен ажыратуучу жерлерде укукка каршы иштерди улантып, камалгандарды дин уюмдарына азгырып тартууну жүзөгө ашырып жатышат. Жалпы-жазык кылмыштарын жасоо үчүн соттолгондордун радикалдашып кетүүсүнүн башкы себеби мына ушул.



Scanned by TapScanner

Азыркы учурда кылмыштуу уюшкан топтордун жана экстремисттик топтордун мүчөлөрүнүн бириге башташканы даана байкалууда. Кылмыштуулуктун өсүшүнүн натыйжасы катары ата-мекендик тергөө абактары жана колониялар терроризмди жана диний экстремизмди таркатып-тутандыруучу очокко айланып баратат. Ушул процесстин өнүгүп баратышы жана Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын мекемелеринде буга шайкеш келген каршы күрөшүүчү чаралардын жоктугу чоң коркунучтарды жаратып, өлкөнүн коопсуздугунун кооптуулугун күчөтө баштады. Мындай биригүүдөн келип чыккан алгачкы "тынчты алган белгини" атасак, мисалы, 2015-жылдын жай айында казакстандык жихадчылар менен биригип кеткен уюшкан кылмыштуулуктун жергиликтүү тобуна каршы Бишкектин чок ортосунда атайын операция жасалган. Мындан кийин, эркиндиктен өмүр бою ажыратылып соттолгондор "Жайшул Махди" бузуку диний уюмдун мүчөлөрү менен биригип 50-тергөө абагынан качып чыгышкан.

Ушул келтирилген мисалдар чыгарылган жыйынтыктын туура экендигин бышыктай турганы изилдөөдө белгиленет. Мындан сырткары, Сириядагы белгилүү окуяларга байланыштуу "ИГИЛ" жана "Жебхад-ан-Нусри" экстремисттик топторунун курамына кошулууну каалаган соттолгондордун сандарынын өсүшү күтүлүүдө. Кыргызстанда "ваххабитчилердин" сандарынын өсүшү мүмкүн, анткени ваххабизмдин идеологиясы бул кыймылга киргенге чейинки кылмыштарды кудайдын кечирерин жана ага киргенден кийинки жаңы кылмыштар жихадды жасоого байланышкандыгына байланыштуу акталарын, бркталарын чечмелеп, жихад идеясын көпчүлүккө таратат.

Түзөтүү мекемелеринде орун алган дагы бир көйгөй - түзөтүү мекемелеринде баңги заттарынын таркатылып жатышы. ИИМдин маалыматы боюнча Кыргызстандын жабык мекемелеринде баңги заттарын айлантуудан алынган жылдык пайда 370 миллионго жакын сомду ($5,5 млн.) түзөт *[КР ИИМдин маалыматтары. https://rus.azattyk.org/a/27120109.html]*. Ал эми жаза-аткаруучу мекемелерде мобилдик телефондордун кеңири жеткиликтүүлүгүнүн натыйжасында "телефон алдамчылыгы" деген аталышы бар алдамчылыктын жаңы түрүнүн чиймеси өлкөдө жаралды. Андан келтирилген материалдык залалдардын көлөмү 15 млн. сомдон ($220 миң) ашты *[КР ИИМдин маалыматтары. https://kabarlar.org/news/38021-gubop-mvd-telefonnye-moshenniki-iz-chisla-zaklyuchennyh-i-sotrudnikov-gsin-s-nachala-goda-prichinili-uscherb-naseleniyu-na-15-mln-somov.html]*.

Илимий диссертациянын автору фактыларга талдоолорду жүргүзүүнүн негизинде мындай жыйынтык чыгарган: уинтип талаптагыдай көңүл бурулбай калган Кыргыз Республикасынын пенитенциардык мекемелери криминал лидерлери үчүн кылмышкерлерди даярдоочу полигонго, камактагылар резервдеги армияга айланды.

Мындан сырткары, жазык-аткаруу системасынын кадрдык көрсөткүчтөрүн талдоонун негизинде, кадр саясатындагы чечилбей келген кемчиликтер менен



Scanned by TapScanner

көйгөйлөр аныкталган. Ошону менен катар, кадрларды жетишээрлик деңгээлде даярдоого адистешкен окуу жайларынын республикада жоктугу айтылат. ЖАМКнын окуу борбору түзөтүү мекемелеринин кызматкерлерин жалпы жана атайын даярдыктардан өкөрүүчү, окутуучу мүмкүндүктөрү бар жалгыз база экени көрсөтүлөт.

Ушундай олуттуу көйгөйлөр орун алгандыгына карабастан жазык-аткаруу системасынын жашоо-ишин минималдуу гана колдоого алууга багытталган саясатты өлкөнүн өкмөтү жүргүзүп келгени жөнүндө автор туура белгилейт. Жетишсиз түрдө финансылоо деген өнөкөт оорунун негизинде пенитенциардык системанын жан кейиткен абалга туш болгону Кыргызстандын көз каранды эместигинин 30 жылга жакын тарыхында жүргүзүлгөн көп сандаган мониторингдердин жыйынтыктарында баса белгиленгендиги көргөзүлгөн.

Жыйынтыгында, 40-65 жыл мурда курулган түзөтүү мекемелеринин инфра түзүмдөрү жашоо-турмуштун жана коопсуздуктун ченемдерине эчак эле ылайык келбей калганы. Мунун кесепети соттолгондорду иш менен камсыз кылуунун жоюлушуна жана аларды жан бактылыкта жашоо образына (76,3 %) алып келгени жана соттолгондорду эмгектик социалдаштыруу системасы жоюлуп бараткань талдоого алынат. Ошондуктан Кыргызстанда өнөкөт кылмыштардын үлүшү 35-40% түзгөнү эч кимди таңкалтырбай тургандыгы жөнүндө автор туура белгилейт *[КР Коопсуздук Кеңешинин катчысынын орун басарынын маеги. http://kg.akipress.org/news:1372712?from=portal&place=last]*. Ал эми буларга кошул-ташыл болуп түрмөдөгү калктын ар жыл сайын 3% өсүп жатышынан улам эркиндиктен ажыратуу шарттарында бара-бара жазалар аткарылбай калат го деген шекти туудурушу айтылат.

Пенитенцардык системанын абалынын начарлашына олуттуу таасир тийгизүүчү акыркы фактор катары, өлкөдөгү саясый абалдын туруксуздугу аталат. Акыркы жылдардагы кыска мезгилде республикада үч элдик революция болуп, коррупцияга, үй-бүлөлүк жана кландык мамлекеттик башкарууну түзүү үчүн айыптоолор, калктын жапырт жакырданышы революцияларды жасоого себеп, негиз болуп калды.

Илимий диссертациянын автору фактыларга талдоолорду жүргүзүүнүн негизинде мындай жыйынтык чыгарган: жогоруда айтылган баардык жагдайлардын кесепеттери коопсуздукка эле эмес, ыкчам-режимдик жагдайларга жана жазык-аткаруу иштеринин майнаптуулугуна коркунучтарды келтирип, баарынан мурда жазаларды аткаруунун максаттарына жетүүгө тоскоолдуктарды койду. Мындай балакеттерден жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын системасын кутулта турган реформаны жасоонун комплекстүү иш-чараларын, эң ириде финансылоо маселесин түп-тамырынан бери кайра кароо чарасын тез арада кабыл алуунун зарылдыгы жаралды.

**“Кыргыз Республикасындагы жазык-аткаруу системасын реформалоонун уюштуруучулук-укуктук өңүттөрү” - деп аталган экинчи главада** жазык-аткаруу системасынын ишин уюштурууну ченемдик-укуктук



Scanned by TapScanner

актылар менен камсыз кылуунун мазмундук багыттары жана жолдору ачылып берилет, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын укуктук багыттамасы катары соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттарын ишке ашыруу маселелери изилдеп үйрөнүлөт. Анын ичинде катнаштардын көйгөйлүү өңүттөрүнө жана жазык-аткаруу системасын реформалоонун артыкчылыктуу багыты катары коомдон бөлбөстөн жазаларды аткарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүнө комплекстүү, тыкыр талдоолор жүргүзүлөт. Ушул глава үч бөлүктөн турат.

Диссертациялык изилдөөнүн **объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо менен байланышкан уюштуруучулук жана укуктук мамилелер саналат.

Диссертациялык изилдөөнүн **предмети** катары жазык-аткаруу системасынын ишин жөнгө салуучу эл аралык стандарттар, улуттук жана чет өлкөлүк мыйзамдардын ченемдери, ошондой эле жазык-аткаруу системасын реформалоонун маңызын ачып берүү жана аны жүзөгө ашыруу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

Изилдөөнүн **методдору** катары диалектикалык таанып-билүү методу, жалпы илимий жана атайын таанып-билүү методдору, атап айтканда, талдоо жана синтез, системалуу-түзүмдүк, формалдуу-логикалык, салыштырма-укуктук, статистикалык ж.б. методдор болуп саналат.

***Параграф 2.1. “Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишин уюштурууну ченемдик-укуктук камсыз кылуу”*** – деп аталып, өлкөнүн улуттук жазык-аткаруу системасынын ишин укуктук камсыз кылуунун азыркы абалына изилдөөлөр жүргүзүлөт. Пенитардык системанын ишин базалык жоболор менен камсыз кылуучу документтерге сереп салынат, боштуктар жана өркүндөтүлбөгөн жагдайлар көрсөтүлүп белгиленет, ошондой эле алардын мазмундарын жакшыртуу жаатындагы сунуштар киргизилет.

Жазык-аткаруу системасынын статусун бекитүүчү жана ишин жөнгө салуучу ченемдердин системасы кенен экендигин диссертация жактоочу автор баса белгилейт, аларды, анын ичинде 2020-жылдын 17-ноябрындагы коомдук талкууга коюлган жаны Конституциянын долбоорун иерархиялык тартипте карап, талдоолорду жүргүзөт. Алардын мазмундарын байытуу, өркүндөтүү жаатында бир катар сунуштарды берет.

Мисалы, 2010-жылдын 27-июнунда өткөн референдум (жалпы элдик добуш берүү) менен кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 7-бөлүгүнө 2016-жылдын 28-декабрында киргизилген түзөтүүдөгү жобого көңүл бурат.

Өлкөдөгү азыркы чындыктардын мазмунуна ыңгайлашкан, төмөнкүлөргө тиешелүү жаңы актыларды кабыл алуу жөнүндө маселени козгойт: “жазык аткаруу системасынын органдарынын”, “жазык-аткаруу системасынын мекемелеринин” категорияларын легалдаштырууну чагылдырган жазык-аткаруу (пенитенциардык) системасынын органдары жана мекемелери жөнүндө мыйзамды; ошондой эле



Scanned by TapScanner

жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы жөнүндө жобону. "Сот аткаруучуларынын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-январындагы №15 Мыйзамына өзгөрүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" сунуштарды берет.

Автор өзүнүн диссертациялык изилдөө ишинде "жазык-аткаруу мыйзамдары", "жазаларды аткаруучу мамлекеттик кызмат" сыяктуу айрым категорияларга өзүнүн автордук аныктамасын сунуш кылат.

Иштин бул бөлүгүн аяктап жатып соттолгондордун чөйрөсүндөгү субмаданияттын таасирлерине кириптер болгон моралдык ченемдердин бөтөнчөлүктөрүнө изилдөөлөрдү, талдоолорун жүргүзөт.

***Параграф 2.2. "Соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттары Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасына реформа жасоонун укуктук багыттамасы катары*** " аталып, анда жазык-аткаруу ишин жөнгө салган, колдонулуп жаткан эл аралык укуктук механизмдерди изилдөө аракеттери жасалган.

Адамдын укуктарынын башкы багыттамалары жана жазык-аткарууну гумандаштырууга жана терс кесепеттерди минималдаштырууга багытталган жалпыга таанылган эл аралдык стандарттарга ылайык өлкөнүн жазык-аткаруу системасын реформалоонун мүмкүнчүлүктөрүнө автор талдоолорду жүргүзөт.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде, жазык-аткаруу системасынын ишинде соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттарынын ролу жөнүндө жобо негизделет.

***Параграф 2.3. "Коомдон бөлбөстөн жазаларды аткарууну уюштуруу жазык-аткаруу системасын реформалоонун артыкчылыктуу багыты катары"*** – деген аталышта соттолгондорду коомдон бөлүү менен байланышпаган жазаларды аткаруу боюнча жазык-аткаруу системасынын түзүмүндө болуп өткөн түп-тамырынан берки акыркы өзгөрүүлөргө тыкыр талдоолор жүргүзүлөт. Ал өзүнө пробация органдарынын ишиндеги көйгөйлөргө автор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын камтып турат.

ЖАМКнын мурдагы жазык-аткаруу инспекциясынын базасында түзүлгөн пробация органынын киргизилгенине изилдөө ишинде көңүл бурулган. Аны түзүү идеясы 2000-жылдан тартып айтыла баштаган менен аны түзүү 2018-жылдын 31-декабрындагы КР Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасында пробация органдарын түзүү маселелери жөнүндө" №666 токтомунун негизинде пробация органдары түзүлгөнү диссертацияда айтылат. Жазалардын көрсөтүлгөн тиешелүү түрлөрүн аткарууну бөлүү жана жаңы органга – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу пробация департаментине өткөрүп берүү жолу менен ушул жаңы орган түзүлгөн эле.

Ошону менен катар, борбордук аппараттан жана аймактар аралык башкармалыктардан: Бишкек шаарындагы, Чүй, Талас облустарынын аймактар аралык башкармалыгынан; Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын аймактар аралык башкармалыгынан; Ысык-Көл, Нарын облустарынын аймактар аралык



Scanned by TapScanner

башкармалыгынан, ошондой эле пробациянын райондук 51 органдарынан турган *[КР Юстиция министрлигинин 2019-жылдын 3-сентябрындагы №1811 буйругу. .http://minjust.gov.kg/ru/content/1233*] пробация департаментинин уюштуруучулук түзүмүнүн өзгөчөлүктөрү изилдөөдө чагылдырылат.

Коомдон бөлүү менен байланышпаган жазаларды аткаруу ишиндеги негизги жана чынжырдык байланыштагы оордуктар пробациянын райондук органдарына жүктөлүп жаткандыгын автор баса белгилейт.

Департаменттин штатына мүмкүн болуучу 178 бирдиктен, болгону 135 бирдик сунуш кылынгандыгы изилдөө ишинде көрсөтүлөт. Ар бир жыл сайын алардын санын 40 бирдикке көбөйтүү жагы пландаштырылды. Ошонун натыйжасында ар бир район керектүү кызматкерлер (пробациялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу социалдык жумушкер, социолог жана кызматкер) менен камсыз болот *[Пробация департаментинин маалыматтары. https:/probation.minjust.gov.kg/ru/o-departamente/istoriya-sozdaniya-probacii.html*].

2019-жылдын 1-ноябрындагы абал боюнча КР Юстиция министрилигине караштуу пробация департаментинин эсебинде 5 354 кардар турган (бул ЖАСтын жабык мекемелеринде камалган соттолгондордун жалпы санынын 50% түзөт). Ушул жаңы орган түзүлгөн учурдан тартып эсептеги кардарлар менен персоналдардын сандарынын терс катнаштары көйгөйү күчөп баратат, бул катнаш 90 кардарга 1 кызматкер туура келет.

Пробациялоонун райондук органдарынын уюштурулушуна байланыштуу, өлкөнүн административдик бөлүштүрүлүшүнө ылайык кызматкерлерге кызматтык оордуктун жүктөлүшү ар кандай болууда, айрым жерлерде 1:90дон да жогору. Мисалы, Ош шаарында 100 кардарга 1 кызматкер туура келсе, Жалал-Абад облусунун Сузак районунда 112 кардарды 1 кызматкер тейлейт.

Пробация органдарынын төмөнкүдөй милдеттик түйшүктөрү буларга кошумча оордуктарды кошорун эске алсак: соттун тапшыруусу боюнча пробациялык баяндаманы даярдоо, аткаруу пробациясын ишке ашыруу, пенитенциардык пробациялоону жасоо, пенитенциардан кийинки пробация иштерин аткаруу. (КР ЖПКсынын 271-б. 4-б.; “Пробация жөнүндө” КР Мыйзамынын 11, 12-б.). Анда кадрлар менен камсыз кылууда түзүлгөн начар кырдаал департаменттин кызматкерлерине жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруудагы кооптуулуктарды жогорулатып жатат, - деп белгиленет бул бөлүмдө.

Мындан да кыйын абал өнүккөн инфратүзүмдөрү жок, материалдык-техникалык жактан чабал жабдылган пробациянын райондук органдарында түзүлгөн, алардын көбү (90 пайызы) милиция кызматкерлеринин кабинеттерине, дагы башкалары ар кандай ведомстволор жайгашкан жайларга жайгаштырылган. Ал эми оргтехникалар, кызматтык байланыш, комплектөөчү жана транспорт каражаттары менен камсыз кылуунун маселелери, персоналдарды социалдык жактан коргоонун төмөндүгү, дагы башкалар бузула элек дың жерге окшоп козголбой, чечилбей жатат. Пробация органдары аткаруучу иштер жалпы жонунан алганда соттолгондордун эсептерин алуу, тиешелүү документтерди жүргүзүү менен



Scanned by TapScanner

гана бүтүп калып, жоболордо каралган максаттар кагазга жазылган бойдон калуу менен, Кыргыз Республикасында пробация институтун түзүү идеясы ишке ашпай калуу коркунучуна туш болду – деп жыйынтык чыгарат автор.

Изилдөө ишинде эл аралык тажрыйбаларга талдоолор жүргүзүлөт. Пробация органдарын олуттуу маселелер жана көйгөйлөр менен жекеме жеке калтырууга болбойт, сөз болуп жаткан органды түзүүнүн максаттарына жана ийгиликтерге жетишүү үчүн ыкчам чараларды көрүү керек. Көйгөйлөрдү чечүүгө комплекстүү мамиле жасалууга тийиш, - деп автор маселелерди чечүү сунуштарын берет.

Мисалы, персоналдардын шайкеш жумушчу жүктөмдөрүнүн стандарттары 1:30 же 1:40 чектеринде белгилениши керек. Анткени, көрсөтүлгөн ушул сандар ар кайсы өлкөдө ар кандай колдонулуп жүргөн менен, 1 кызматкер 30-45 ишти сапаттуу жүргүзө алат деп эсептеген көз караш баардык өлкөлөрдө басымдуулук кылат *[Эркиндиктен ажыратуу менен байланышпаган иш-чаралар. Түрмөгө камоонун альтернативасы. Жазык сот акыйкаттуулугу системасын баалоо боюнча окуу китеби. -Нью-Йорк:БУУ, 2010. 26-б.].*

Республикабыздагы персоналдардын 50 пайыздан (%) азы жогорку юридикалык билими бар экендигин, калгандары пробация иши менен байланышпаган адистиктерге (экономист, финансист, байланыш инженери ж.б) ээ экендигин пробация органдарынын персоналдарына жүргүзүлгөн тандалма сурамжылоолор көрсөткөнүн автор баса белгилеген.

Пробация системасына керектүү “социалдык жумушкер”, “психолог”, “конфликтолог”, “клиникалык психолог” сыяктуу адистиктер боюнча жогорку билими бар кызматкерлер айрым жерлерде тап-такыр жок (пробациянын 35 райондук органдарында, мисалы, Чүй облустук башкармалыгынын Панфилов, Жайыл райондорунда, Талас облустук башкармалыгынын Бакай-Ата, Кара-Буура райондорунда, Ош облустук башкармалыгынын Араван, Чоң-Алай райондорунда, Ысык-Көл облустук башкармалыгынын Тоң, Жети-Өгүз райондорунда, Нарын облустук башкармалыгынын Ат-Башы, Ак-Талаа райондорунда).

Айрыкча пробация кардарларына социалдык-укуктук жана психологиялык жардамдарды көрсөтүү, алардын социалдык-психологиялык бөтөнчүлүктөрүн баалоо, социалдык-укуктук жана психологиялык жардамдарга болгон муктаждыктарын табуу, пробациялык көзөмөлдүн зарыл болгон көлөмүн жана интенсивдүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо пробация органдарынын жаңы шарттардагы иштеринин айырмалуу өзгөчөлүктөрү болуп саналат. Ал эми пробация кызматтарынын персоналдарын даярдоо системасына өзгөчө жогорку көңүл буруу керек. Персоналдарды даярдоого керектүү, тиешелүү окутуу-даярдоо программалары республиканын мамлекеттик-укуктук түзүмүнүн улуттук системасынын жана укуктук салттардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, заманбап эл аралык стандарттарга ылайык түзүлүүгө тийиш - деген жыйынтыкты чыгарат изилдөөчү.

**“Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун негизги багыттары” деп аталган үчүнчү главада** чет өлкөлүк жана эл аралык



Scanned by TapScanner

тажрыйбаны эске алуу менен Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишин өркүндөтүүнүн келечектүү багыттары каралат. Бул глава эки бөлүктөн турат.

***Параграф 3.1. "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу мыйзамдарын гумандаштыруу"*** - деп аталып, Кыргыз Республикасынын жаңы жазык саясатына ылайык жазык-аткаруу мыйзамдарын гумандаштыруунун айрым актуалдуу аспектилери талдоого алынат.

Мыйзамдарды гумандаштыруу обьективдүү зарылдыктын негизинде жаралган, адамзатынын карт тарыхы өнүгүүнүн прогрессивдүү процесси катары аныктаган, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын реформалоонун негизги багыты болуп саналат, - деп диссертант баса белгилейт.

Ошону менен катар, адамды эркиндиктен ажыратуу менен байланышпаган жазалардын альтернативдик механизмдерин кеңири колдонуу зарыл болуп жатканын, муну илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы таасын көрсөткөнү, бул бөлүмдө белгиленет.

Буга мисал катары, Казактандын мыйзамдарын гумандаштыруунун жана соттолгондордун бөлүгүн пробация органдарынын контролдоосуна өткөрүп берүүнүн эсебинен 2010-2015-жылдар аралыгында түрмөлөрдөгү соттолгондордун санын 55 140 кишиден 25 892 кишиге чейин кескин кыскартууга жетишилгендиги айтылат *[Альтернативы лишению свободы в законодательстве Казахстана, Кыргызстана и Таджикистана. Информационный бюллетень Международной тюремной реформы. -2019. -7-б.].*

Аны менен жабык типтеги мекемелердеги жана республикалык бюджеттеги оордуктар да төмөндөтүлөт. Аны тастыктоо максатында адистердин болжолдуу эсептөөлөрү көрсөтүлгөн. Мисалы, түзөтүү мекемесинде эл аралык стандарттарга толук ылайык келтирип кармоо, асыроо үчүн сарпталуучу бир жылдык каражат $20 миң АКШ долларын түзөт, ал эми Кыргызстанада мындай мүмкүчүлүк жок, ошондуктан ал үчүн бир жылга 20-30 миң сомго ($500 доллар) же бир күнгө 129 сомго ($2 доллар) жакын гана каражат сарпталат.

Мындан сырткары, автор бул бөлүмдө адамды коомдон бөлүп жаза аткаруунун максатка ылайыктуулугун күмөн саноо менен карайт, айрыкча, анча оор эмес кылмыштар жасалгандыгы үчүн. Себеби, аны менен камакта жүргөндөр бара-бара керектүү коомдук катнаштарын, эмгектик көндүмдөрдүн, байланыш жөндөмдүүлүктөрүн жогото баштайт, буга кошул-ташыл болуп коом тарабынан стигмациялоо да орун алган, жөнөкөй тил менен айтканда соттолгондор социалдык-психологиялык жактан басмырлоолорго дуушар болушат.

Буга карата, соттолгондорду стигмациялоо боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарына жүргүзүлгөн сурамжылоолордун натыйжасы көрсөтүлгөн. Ага билимдери жана жаш-курактары ар кандай, орточо жаш курактары 25-45 түзгөн, баардыгы 100 киши (50 аял жана 50 эркек) катышкан. "Кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгон жана эркиндигинен ажыратуу



Scanned by TapScanner

түрүндө жазаны өтөп чыккан адамдарды жумушка аласызбы?" – деген суроо катышуучуларга берилген. Анын ичинен, 20% - көрсөтүлгөн адамдар менен мамиле жасоодон тап-такыр баш тартышарын көргөзүшкөн, 65% - жумушка алуу соттолгондордун жасаган кылмышынын түрүнө тике жараша болорун көрсөтүшкөн жана 15% гана боор-ооруу сезиминен улам аларга жумуш берүүгө макул болушкан.

Топтолгон чет өлкөлүк тажрыйбаны изилдөөнүн негизинде, эркиндиктен ажыратууну аткаруу системасын түп-тамырынан бери модернизациялоону, камактагыларды кармоонун лагердик түрүнөн түрмөлүк түргө өтүүнү жана алардын жеке түрүн түзүү автор тарабынан сунуш кылынат. Ошону менен катар, жеке түрмөлөрдү түзүү талаш маселе экенин эске алуу менен, жеке бизнести пенитенциардык мамилелер чөйрөсүнө жарандык-укуктук каражаттарынын негизинде жана мыйзам аркылуу киргизүү ыкмалары каралган.

Айтылган тажрыйбаларды Кыргыз Республикасынын турмуш чындыгында колдонуу максатында, КРнын жазык-аткаруу кодексинин 73-беренесинин 1-бөлүгүндөгү негизги тексттин аягына "*Түзөтүү мекемелери мамлекеттик же жеке болушу мүмкүн. Жеке түзөтүү мекемесин уюштуруу атайын мыйзам менен жөнгө салынат*" – деген жобону кошумча киргизүү жолу менен жеке түрмөлөрдү түзүүнүн институттук пайдубалын түптөө керектиги сунуш кылынат. Ушундай эле ченем 1999-жылдагы эски Жазык-аткаруу кодексинин 46-статьясынын 2-бөлүгүндө бар болгону, жаңы кодексте ал кайсы бир себептерден улам алынып салынганы көрсөтүлөт.

Тиешелүү мыйзамдык ченем кабыл алынгандан кийин түзөтүү мекемелерин курууга, кайра конструкциялоого жана тейлөөгө катыштыруу жолу менен жазык-аткаруу системасына жеке инвесторлорду тартуу жөнүндө маселени мыйзамдык деңгээлде кароого жана чечүүгө болоору талданган жана *төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу сунуш кылынган:* жазык-аткаруу системасынын эскирген обьекттерин (имараттарды, жайларды) жеке компанияларга берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп табуу; буга катышууну каалаган жеке уюмдарга берилүүчү ар кандай финансылык жеңилдиктерди - субсидиялоодон тартып салык жүктөмдөрүнөн бошотууну же жүктөмдөрдү жеңилдетүүлөрдү кароо; жазык-аткаруу мекемелеринин аймагында өндүрүштүк мастерскойлорду, уруксат берилген кызматтарды соттолгондорго көрсөтүүчү обьекттерди жайгаштыруу жана ачуу, ошого жараша андан кошумча пайда табуу укуктарын аларга берүүнүн механизмдерин изилдеп табуу; 1 – 2 жазык-аткаруу мекемелеринин, же жатак абактарынын биринин базасында тажрыйбалык-эксперименттик уюмдун жана жеке түрмөнүн ишин пилоттук долбоор катары уюштурууну жүзөгө ашыруу.



Scanned by TapScanner

***Параграф 3.2. "Кыргызстандын жазык-аткаруу системасын реформа кылуунун шарттарында Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча соттолгондордун укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруунун укуктук кепилдиктери"*** – деп аталып, автор тарабынан соттолгондордун укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууну жөнгө салуучу жана камсыз кылуучу мыйзамдарды жана алардын эл аралык актылар менен болгон катнашын изилдөө менен өркүндөтүү боюнча бир катар багыттарды иштеп чыгуу аракеттери жасалды.

Азыр колдонулуп жаткан Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу мыйзамдары эл аралык коомчулуктун мыкты иштеп чыгууларын өзүнө сиңирип алгандыктан жетиштүү түрдө заманбап болуп көрүнөрүнө бул бөлүмдө олуттуу көңүл бурулат.

Бирок, жетишкендиктер менен кошо экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугунан улам, айрым чегинүүлөр болуп жатканы көрсөтүлгөн. Алар соттолгондорду материалдык-турмуш-тиричилик жана медициналык-санитардык жактан камсыз кылуу, жазаны өтөөдөн бошотулгандарды ишке орноштуруу чөйрөлөрүндө кеңири орун алгандыгы изилдөөлөрдө айтылат.

Ошону менен катар, Жазык-аткаруу кодексинин 1-беренесинин 2-бөлүгүндөгү эл аралык укуктан улуттук мыйзамдардын ченемдеринин артыкчылыгын көрсөткөн жобого токтолуп, жазаларды аткаруучу мекемелердин жана органдардын администрациялары үчүн мындай артыкчылык көйгөйлөрдү чечүү жолу бышыкталарына автор чоң маани берет.

Ушул бөлүктү жыйынтыктап жатып, азыркы учурда Кыргыз Республикасы соттук-укуктук реформасынын алкагында өз тарыхындагы өнүгүүнүн маанилүү этабын баштан кечирип жатат. Аларды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн мезгилдин чындыктарына жооп берген жана ылайык келген, кризис абалынан системаны сууруп чыгууга жөндөмдүү, сапаттуу, кесипкөй менеджмент талап кылынат - деген тыянак чыгарат автор.

## ТЫЯНАКТАР

Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун көйгөйлөрүнө, тенденцияларына жана келечегине арналган теориялык жана аналитикалык изилдөөлөр изденүүчүгө бир катар тыянактарды жана жоболорду түзүүгө мүмкүндүк берди:

1. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун негиздерин теориялык жактан изилдөөнүн негизинде жазык-аткаруу системасынын реформасынын максаты катары - колдонулуп жаткан укуктук тартиптерди жакшыртуу, сапаттык өзгөртүү жана анын майнаптуулугун жогорулатуу менен жаңы пенитенциардык маданиятты түзүү эсептелет.



Scanned by TapScanner

2. Соттолгондорго мамиле жасоонун заманбап стандарттары узак мөөнөттө иштелип чыкканын, аларды ишке ашырууга убакыт керектигин жаза аткаруунун өзгөчөлүктөрүнүн тарыхый аспектисин изилдөө көрсөттү. Ал эми узак жолду басып өткөн Кыргызстандын улуттук жазык-аткаруу системасы кыргыз элинин тарыхы менен чиеленишкен тыкыс байланышта турат.

Ошону менен катар, эгемендүүлүктү алгандан бери Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасында жүргүзүлгөн реформаларды талдоо бир топ суроолорду жана талаш-тартыштарды жаратып келет. Себеби, көбүнчө реформалардын коюлган максаттары ишке ашпай калууда жана кийинки реформа мурункунун үстүнө коюлуп калып, тутумдун ичиндеги дисбалансты пайда кылууда.

3. Өлкөдөгү саясий, укуктук жана социалдык-экономикалык мүнөздөгү факторлор Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформа жасоонун келип чыгышынын негизги себептери болуп саналат, муну жазык-аткаруу системасынын ишинин учурдагы абалына жана көйгөйлөргө жүргүзүлгөн талдоолордо көрсөтүлгөн.

4. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишинин улуттук укуктук негиздерин изилдөө, анын баардык элементтери иерархия боюнча жайгашкандыгы жана бири бири менен мыйзам-ченемдүү тыкыс байланышы системалуу мүнөзгө ээ экенин көрсөттү жана алардын кээ бирлеринин мазмундарын жакшыртуу максатында бир топ пикирлер жана сунуштар берилди.

5. Эл аралык мыйзамдарды талдоонун негизинде, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу системасын реформалоо мүмкүнчүлүктөргө жараша, соттолгондорго мамилелерди жасоонун жалпы таанылган эл аралык стандарттарына жана эл аралык тажрыйбаларга ылайык, улуттук бөтөнчөлүктөрдү эске алуу менен жүзөгө ашырылып жатат -деген тыянак чыгарылды.

6. Түрмөлөргө камоонун, эркиндиктен ажыратуунун альтернативдик чараларынын мыйзамдык базасын өркүндөтүүчү, жазык-аткаруу системасын реформалоонун артыкчылыктуу багыты катары укук бузгандарды коомдон бөлбөстөн жазаларды аткаруу тутумун өнүктүрүүчү саясатты Кыргыз Республикасы улантышы керек.

Коомдон обочолонтуп бөлбөстөн жазаларды аткаруу, эркиндиктен ажыратуунун альтернативасы болгон системаны өнүктүрүү түрмөдөгү калктын сандарын азайтууга жана көптөгөндөрдү кылмыш жолунан кайттырууга, эл аралык рейтингдеги өлкөнүн позициясын жогорулатууга, пенитенциардык мекемелерде камалгандардын жыштыктарын азайтууга, булардын натыйжасында соттолгондорду кармоонун санитардык, турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртууга, ошондой эле кыйноолорду, ырайымсыз мамилелерди жасоолорду



Scanned by TapScanner

төмөндөтүүгө тике таасирлерди тийгизе тургандыгын эл аралык тажрыйбалар көрсөтүүдө.

7. Тарыхый өнүгүү процессинде прогрессивдүү деп таанылгандай кылып мыйзамдарды гумандаштыруу Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун негизги багыттарындагы обьективдүү зарылдык болуп саналат.

8. Соттолгондордун уктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруунун укуктук кепилдиктери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, айрыкча реформа кылуунун шарттарында иштеген жазык-аткаруу системасында өзгөчө мааниге ээ болуп калды. Аларды сапаттуу жүзөгө ашыруу көп жагынан соттолгондорду коомго кайра интегралдаштыруунун ийгиликтүү жүзөгө ашырылышына, ошондой эле жазаларды аткарган мекемелерде соттолгондор менен өз ара аракеттенген башка жарандардын коопсуздуктарынын камсыз кылынышына жараша болот.

9. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр жазык-аткаруу системасынын ишинин майнаптуулугун жогорулатууга багытталган конкреттүү сунуштардын комплексин негиздөөгө мүмкүнчүлүк берди. Ошол сунуштар жаңы мыйзам актыларды иштеп чыгууга, башкаруу түзүмдөрүнө, түзөтүү мекемелеринин системасына, соттолгондор менен иштөөнүн түрлөрүнө жана усулдарына тиешелүү экендигин баса белгилей кетүү керек.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ МАКАЛАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. Байгубатова Н.Р. К вопросу о проблемах исполнения наказания и ресоциализации женщин, осужденных к лишению свободы в Кыргызской Республике [Текст] / Н.Р. Байгубатова // Научный журнал «Юридический факт»: материалы XX международной научной конференции «Свобода и право». - Кемерово: издательский дом «Плутон», 30 декабря 2017. -С. 48-52.

2. Байгубатова Н.Р., Сарманова Б.О. К вопросу о коррупциогенных факторах в деятельности уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова, Б.О.Сарманова // Журнал Зарубежного законодательства и сравнительного правоведения. -2018. -№4. -С. 146-153.

3.Байгубатова Н.Р. Актуальные проблемы деятельности пенитенциарной системы Кыргызской Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова // Научный журнал «Modern Science». -2018. -№6-2. -С. 1-8.

4. Байгубатова Н.Р. Проблемы противодействия незаконному обороту наркотических средств в местах лишения свободы Кыргызской Республики [Теcкт] / Н.Р. Байгубатова // Научный журнал «Modern Science». -2018. -№6-2. -С.8-11.

5. Байгубатова Н.Р., Эсенбекова А.Т. Некоторые вопросы противодействия распространению религиозного экстремизма в местах лишения свободы




Scanned by TapScanner

Кыргызской Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова, А.Т. Эсенбекова // Научный журнал «Modern Science». -2018. -№7. -С. 115-119.

6. Байгубатова Н.Р. К вопросу о понятии уголовно-исполнительной системы Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова // Научный журнал «Modern Science». -2020. -№10-2. -С. 193-195.

7. Байгубатова Н.Р. О месте уголовно-исполнительной системы в структуре правоохранительных органов [Текст] / Н.Р. Байгубатова // Научный журнал «Modern Science». -2020. -№10-2. -С. 195-198.

8. Байгубатова Н.Р. Актуальные проблемы органов пробации Кыргызской Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова, Б.О. Сарманова, А.Т. Эсенбекова // Вестник КРСУ. -2020. -№11. -Т.20. -С. 70-75.

9. Байгубатова Н.Р. Проблемы кадровой политики уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова // Евразийский юридический журнал. -2020. -№12. -С. 207-208.

10. Байгубатова Н.Р. Некоторые проблемы нормативно-правового обеспечения функционирования уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики [Электронный ресурс] / Н.Р. Байгубатова // Электронный журнал ВАК КР “Научные исследования в Кыргызской Республике”. -2020. -№3. Часть II. -С. 160-170.



Scanned by TapScanner

**Байгубатова Надира Рахымбековнанын «Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги»** темадасындагы юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** пенитенциардык тутум, жазык-аткаруу системасынын көйгөйлөрү, Жазык аткаруу мамлекеттик кызматы, пробация органдары, түзөтүү абактары, түрмө, жазык-аткаруу кодекси, соттолгондор.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** - Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо менен байланышкан уюштуруучулук жана укуктук мамилелер.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети** - жазык-аткаруу системасынын ишин жөнгө салуучу эл аралык стандарттар, улуттук жана чет өлкөлүк мыйзамдардын ченемдери, ошондой эле жазык-аткаруу системасын реформалоонун маңызын ачып берүү жана аны жүзөгө ашыруу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык иштин максаты** - Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун теориялык, укуктук жана уюштуруу маселелерин ар тараптуу талдоо, ошондой эле анын ишин өркүндөтүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору** диалектикалык таанып-билүү методу, жалпы илимий жана атайын таанып-билүү методдору, атап айтканда, талдоо жана синтез, системалуу-түзүмдүк, формалдуу-логикалык, салыштырма-укуктук, статистикалык ж.б. методдор болуп саналат.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы** – бул диссертациялык иш мамлекетте жүргүзүлүп жаткан сот-укуктук реформанын багыттарынын негизинде Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо көйгөйлөрүн, анын негизги тенденцияларын жана келечектерин ар тараптуу изилдөөгө арналган алгачкы изилдөөлөрдүн бири экендиги менен шартталат.

**Пайдалануу даражасы жана колдонуу чөйрөсү.** Иштелип чыккан сунуштар жана тыянактар жазык-аткаруу системасын реформалоо маселелерин андан ары иштеп чыгууда, мыйзам чыгаруучулукту жакшыртууда жана андан аркы илимий теоретикалык изилдөөлөрдө колдонулуусу мүмкүн.

Теориялык жоболор, сунуштар жана тыянактар жазык-аткаруу системасынын органдарынын ишинде; билим берүү процессинде "Укук коргоо органдары", "Жазык-аткаруу укугу" ж.б. курстарын окуп жатканда, ошондой эле жазык-аткаруу системасынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу тутумунда колдонулушу мүмкүн.




Scanned by TapScanner

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Байгубатовой Надиры Рахымбековны на тему: «Реформа уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики: проблемы, тенденции и перспективы»** на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.11 – судебная власть, прокурорский надзор, организация правоохранительной деятельности

**Ключевые слова:** пенитенциарная система, проблемы уголовно-исполнительной системы, Государственная служба исполнения наказаний, органы пробации, исправительные колонии, тюрьма, уголовно-исполнительный кодекс, осужденные.

**Объектом** диссертационного исследования являются организационно-правовые отношения, связанные с реформированием уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики в современных условиях.

**Предметом** диссертационного исследования выступили международные стандарты, нормы национального и зарубежного законодательства, регламентирующие деятельность уголовно-исполнительной системы, а также проблемы раскрытия сущности реформы уголовно-исполнительной системы и выработки конкретных предложений по ее осуществлению.

**Целью исследования** заключается в комплексном анализе теоретических, правовых и организационных проблем реформирования уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики, а также выработка рекомендаций, направленных на совершенствование ее деятельности.

**Методами** исследования явились диалектический метод познания, общенаучные и специальные методы познания, в частности, анализ и синтез, системно-структурный, формально-логический, сравнительно-правовой, статистический и др.

**Полученные результаты и их новизна** заключается в том, что она является одной из первых исследований в Кыргызской Республике, посвященных комплексному изучению проблем реформирования уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики, ее основных тенденций и перспектив, в контексте направлений проводимой судебно-правовой реформы в целом.

**Степень использования и область применения.** Выработанные предложения и выводы могут быть: учтены для дальнейших разработок вопросов реформирования уголовно-исполнительной системы; использованы при совершенствовании законодательства; могут составить основу для дальнейших научных исследований.

Теоретические положения, рекомендации и выводы, могут быть использованы в деятельности органов уголовно-исполнительной системы КР; в учебном процессе при изучении курсов «Правоохранительные органы»; «Уголовно-исполнительное право», и др., а также в системе повышения квалификации сотрудников уголовно-исполнительной системы.



Scanned by TapScanner

## SUMMARY

**theses by Baigubatova Nadira Rahimbekovna on the topic «Reform of the penitentiary system of the Kyrgyz Republic: problems, trends and prospects»** for the degree of candidate of legal Sciences in the specialty 12.00.11 - judiciary, prosecutorial supervision, organization of law enforcement

**Keywords:** penitentiary system, problems of the penal system, State Service for the Execution of Punishments, probation bodies, penal colonies, prison, penal code, convicts.

**The object of the dissertation research** are the organizational and legal relations associated with the reform of the penal and correctional system of the Kyrgyz Republic in modern conditions.

**The subject of the dissertation research** were international standards, norms of national and foreign legislation regulating the activities of the penal and correctional system, as well as problems of revealing the essence of the reform of the penal system and the development of specific proposals for its implementation.

**The purpose of the study** is a comprehensive analysis of theoretical, legal and organizational problems of reforming the penal and correctional system of the Kyrgyz Republic, as well as the development of recommendations aimed at improving its activities.

**Research methods:** the dialectical method of cognition, general scientific and special methods of cognition, in particular, analysis and synthesis, system-structural, formal-logical, comparative legal, statistical, etc

**The results obtained and their novelty** lies in the fact that it is one of the first studies in the Kyrgyz Republic devoted to a comprehensive study of the problems of reforming the penal and correctional system of the Kyrgyz Republic, its main trends and prospects, in the context of the directions of the judicial and legal reform in general.

**Degree of use and scope of application**. The developed proposals and conclusions can be: considered for further development of issues of reforming the penal and correctional system; used to improve the legislation governing the activities of the penal and correctional system; form the basis for further scientific research/

Theoretical provisions, recommendations and conclusions can be used in the activities of bodies of the criminal executive system of the KR, in the educational process in the study of courses "Law enforcement", "Criminal Executive Law", etc., as well as in the system of professional development of staff of the criminal executive system.




Scanned by TapScanner

**Байгубатова Надира Рахымбековна**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-АТКАРУУ СИСТЕМАСЫН РЕФОРМАЛОО: КӨЙГӨЙЛӨРҮ, ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ, КЕЛЕЧЕГИ**

12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл,
укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**Авторефераты**

Кагаздын форматы 60х84 1/16. Көлөм 1,5 о.б.б.
Тираж 100 экз. Заказ №116

Бишкек ш. Малдыбаева көчөсү, 34, б
Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш
транспорт жана архитектура университети



Scanned by TapScanner